# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ МИССИОНЕРЛИК АРАКЕТИ ЖАНА ДИНИЙ АГЫМДАР

**Док. Бакыт МУРЗАРАИМОВ**
ОшМУнун теология факультетинин окутуучусу

## АННОТАЦИЯ

**Миссионерство и религиозные течения в Кыргызстане**

После распада Советского Союза Кыргызстан избрал себе демократический путь развития, где каждый гражданин имеет право на свободомыслие и вероисповедание. В связи с этим в нашем государстве появились различные религиозные течения из разных зарубежных стран. Христианские секты и другие религии получили предпосылки для активного влияния на мировозрение населения. Открываются новые церкви и различные религиозные течения. Расширяют свое влияние нетрадиционные христианские религиозные общины. Как например баптисты, евангелисты, адвентисты, свидетели йеговы и другие. Рост национального самосознания и отождествление религии с устойчивыми культурными традициями позволяют ей влиять на процессы принятия политических, социальных, религиозных решений. Часто проявляющаяся тенденция роста нетрадиционных религий оказывает отрицательное воздействие на политическию ситуацию страны.

**Ключевые слова:** миссионерство, баптизм, мунизм, евангелизм, христианство, адвентизм, церковь Иисуса Христа.

Акыркы мезгилде Кыргызстандын аймагында ар кандай багыттагы диний агымдардын үгүт иштеринин күчөп баратканына күбө болуп жатабыз. Бул жөнүндө мезгил-мезгили менен массалык маалымат каражаттары да кенири маалыматтарды берүүдө. Бирок, тилекке каршы, биз ал маалыматтарга кайдыгер мамиле жасап жатабыз. Ар кандай диний агымдардын иш-аракеттеринин натыйжасында пайда болуп жаткан окуялар, биздин кыргыз элинин келечеги үчүн чон проблемаларды туудурушу мүмкүн. Анткени сөзүбүз куру болбошу үчүн төмөндө түрдүү миссионердик кыймылдар менен диний агымдардын жүргүзүп жаткан иш аракеттеринин абалы, анын натыйжасы туралуу маалыматтарды келтирүү ылайык көрүлдү.

«Миссионер» деген сөз латын тилинен которгондо «жоопкерчилик», «буйрук», бир ишти аткаруу үчүн башка бирөөлөрдү дайындоо деген маанини түшүндүрөт. Миссионердик кыймыл, «саясий дипломатиялык» жана «диний» болуп эки түргө бөлүнөт.[1] Диний мааниде, ар кандай диндик көз караштарды, ой пикирлерди, жана диний ишеничтерди үгүттөп жүргөн адамдар миссионер деп аталат.

Азыркы мезгилде миссионер дегенде, биринчи иретте христиан динин үгүттөөчүлөрдү түшүнүүгө болот. Анткени бул ыкманы эн көп ушул диндин өкүлдөрү колдонууда. Миссионер түшүнүгү азыркы учурда чиркөөлөр тарабынан христиан динин башкаларга жайылтуу максатында түзүлгөн уюмдарга жана анын мүчөлөрүнө таандык. Христиан динин жайылтуу максатында түзүлгөн бул уюмдарга «миссион», ал эми агитаторлоруна «миссионер» деген ат берилет.[2]

Кээ бир дин аалымдары динди, миссионердик жана миссионердик эмес диндер деп экиге бөлөт. Миссионердик диндердин иш-аракеттери белгилүү бир аймакта гана чектелип калбастан ар тарапка жана ар улутка жайылууга умтулат. Ал эми өздөрүнүн жайылуусун каалабагандары жана чектөөлөрү болгондор миссионердик эмес диндер деп эсептелет. Бул натыйжада Ислам, Христиан, жана Буддизм миссионердик диндерге, калгандары болсо миссионердик эмес диндердин катарына кирет.[3]

Миссионердик деп аталган диндердин баары өздөрүнүн туура деп кабыл алган диний ишенимдерин жана көз караштарын ар кандай жолдор менен жайылтууга аракет кылышат. Миссионерлер алгач өздөрүнүн бара турган жерлерин, ал жерде жашаган элдердин үрп-адаттарын, тилин, динин үйрөнүп чыгышат да, андан сон ошол жерде чакан уюмдарды түзүүнү пландаштырышат. Бул уюмдарды миссионерлер же болбосо өздөрү атайын даярдаган жергиликтүү кадрлар жетектейт. Алар көбүнчө мугалим, дарыгер, аскер кызматчысы ж.б.у.с. кесиптин ээси болуп кызматын кылуу менен ишин жүргүзүшөт.[4] Алар тынчтыкты, саламаттыкты сактайбыз деген шылтоо менен дүйнөнүн төрт тарабын кыдыра алышат. Бирок алардын тынчтык, коопсуздук жана саламаттык дегени канчалык реалдуу. Аларга ишенүү мүмкүнбү? Канчалык даражада биз аларга ишенишибиз керек? Мына ущул сыяктуу суроолор бизди ойлондурбай койбойт. Анткени алардын ыйык туткан китебинде (Инжил): «Тынчтык» жана «коопсуздук дегенибизде боюнда бар

[1] G.Tümer – A. Küçük, Dinler Tarihi, Ankara 1993, 411.
[2] Tümer - Küçük, 411.
[3] Tümer - Küçük, 411-412.
[4] Mehmet Aydın, Misyonerlik Faaliyetler ve Türkiyede Misyonerlik, Ankara 1996, 7.

аялдар төрөт мезгилинде азап тарткан сыяктуу кокусунан балээге кабылышат жана андан эч качан кутула алышпайт» деген сыяктуу маани жатат.[5] Миссионерлер инжилди, христиан багытындагы ар кандай диний китептерди, брошюраларды ж.б. журналдарды жергиликтүү элдин тилинде өтө кооз даярдап бекер таркатышат.

Андыктан Христиан дининин жана Христиандардын миссионердик кыймылдарынын тарыхына көз чаптырып көрөлү.

Чындыгында Иса пайгамбардын динди жайылтуу жөнүндөгү иш аракеттери закон ченемдүү иш. Анткени анын өзү, таркаткан дини жана шарияты Кудай тарабынан жиберилгендиги ыйык китебибиз Курааны Каримде ырасталган.[6] Анын максаты жанылгандарды туура жолго баштоо болгон. Азирети Иса өзүнүн пайгамбар экендигин, Кудайдын элчиси экендигин жана Кудайдын бир (жалгыз) экендигин жар салган.[7] Куранда Азирети Исанын: «мен, менден мурунку келген Тооратты тастыктоого жана менден кийин келе турган Ахмет аттуу пайгамбарды сүйүнчүлөө үчүн жиберилдим» дегени айтылган.[8] Ошондой болсо да ага ишенген адамдардын саны өтө аз болгон. Иса пайгамбар Кудайдын кудурети менен түрдүү кереметтерди көрсөткөнүнө карабастан анын душмандары ар кандай жалаалар менен аны жок кылууга аракет жасашкан.[9] Мына ошондой адамдардын бири жөөттөрдөн Павел (Paul) деген болгон. Павел Иса пайгамбарга өтө катуу душмандык кылган. Ал Иса пайгамбарды өлтүрүү үчүн колунан келген бардык аракеттерди жасаган.[10] Кийинчерээк ал Иса пайгамбарды өлтүрүү үчүн Шамга болгон сапарында жолдо Иса пайгамбардын үнүн угуп коркконунан ыйман келтиргенин эскерет.[11] Ошентип Исанын душманы болгон Павел христиан динин кабыл алып аны жайылтууга аракет жасай баштайт.[12] Бул окуя Исанын көптөгөн жактоочуларын ойго салат. Бирок ошого карабастан Павел динди жайуу ишин уланта берет. Ал бул динди бутпарасттарга жана жөөттөргө жайылтууну көздөгөн.[13] Павел Христиан динин аларга кабылдандыруу үчүн бул диндин кээ бир жоболорун өзгөртүп, кээ бирин алып таштап, кээ бирин кайсыл өлкөдө динди жайып жүргөн болсо, ошол жерде жергиликтүү диндин

[5] Фессалониялыктарга 1.кат. V/ 2-3.
[6] Бакара-87; Али Имран-45- 84; Ниса- 163; Маиде-116; Енам-85;
[7] Ниса-171; Марйам- 130.
[8] Сафф-6.
[9] Маиде- 46, 78, 110; Али Имран-49.
[10] Апостолдордун Иштери IX/ 1-2.
[11] Апостолдордун Иштери IX/ 1-7
[12] Апостолдордун Иштери IX-XXVIII Бөлүмдөр Арасы.
[13] Mehmet Aydın, Hıristiyan Kaynaklara Göre Hırstiyanlık, T.D.V. Yay. Ankara-95, 19.

жоболору менен алмаштырып жиберген.[14] Себеби кандай гана жол болбосун ушул христиан динин башка улуттарга жайылтуу керек болчу.

313-жылы Византия императору Константин Христиандарга эркиндик берилгенден кийин Павелдин динди жайылтуу ишин христиан азиздери улантышкан. Мындай аракеттер акырындап олтуруп Византия империясына кирген Сирия, Египет, Эфиопия, Йемен, Европа жана Анатолияга чейин жеткен.[15] Христиан өкүлдөрүнүн саны түрдүү улуттардан түзүлүп көбөйүшү, христиандардын арасында өз ара келишпестиктердин да күчөшүнө алып келген. Ушул келишпөөлөрдү жок кылуу максатында канчалык жыйындар өткөрүлсө да эч кандай натыйжа болгон эмес. Натыйжада Армян, Сирия, Эфиопия жана Копти христиандары борбордук чиркөөдөн бөлүнүп кетишкен. Бул бөлүнүү орто кылымдарга чейин уланган. Анын натыйжасында христиан католиктер, православдар жана протестанттар болуп бөлүнүп кетишкен.[16] Христиан дүйнөсүндө ушундай бөлүнүүлөр күчөп жаткан мезгилде Ислам дини түптөлө баштаган. Исламдын пайда болушу Христиан дининин өкүлдөрүнө түрдүү кооптонууларды жараткан. Бул көрүнүштөн кийин бөлүнүп бараткан христиандар ислам динин жок кылуу үчүн кайрадан биригүүнү самай башташат. Ошентип кылымдарга созулган «Крестүүлөрдүн жортуулу башталат».[17] Бирок тилекке каршы бул жортуулда да максатына жете албаган, башкача айтканда Ислам динин жок кыла албаган христиандар, башка жол жоболорду издей башташат. Бул тууралуу ар кандай кенешмелер өткөрүлөт. Ар кайсы өлкөлөрдө жашаган кечилдердин, поптордун жана башка дин кызматкерлеринин пикирлери топтолот. Бул пикирлердин натыйжасында Ислам динин, же болбосо мусулмандарды бөлүп жаруу үчүн алманы ичинен чириткен курт сыяктуу аларды ичинен жок кылуудан башка айла калбагандыгын аныкташат. Мунун натыйжасында Ислам өлкөлөрүнө жибериле турган атайын арапча билген же болбосо жергиликтүү тилди жана каада- салттарды билген кечил миссионерлерди даярдоо үчүн окуу жайлары ачылат. Бул окуу жайын бүтүргөн миссионер-кечилдерди азыркы күнгө чейин Ислам өлкөлөрүнө жиберишет. Англияда 1646- жылы Англия парламенти тарабынан христиан динин жайылтуу үчүн атайын комиссия түзүлөт. Ал эми Ватиканда болсо 1662-жылы христиандыкты үгүттөө министирлиги түзүлөт. Бул үгүттө министирлиги Парижде

[14] Tümer - Küçük, 417.
[15] Tümer - Küçük, 417.
[16] Mehmet Çelik, Süryani Tarihi, AyraçYay. Ankara-99, 65-160
[17] Tümer - Küçük, 417.

миссионерлерди даярдоо үчүн атайын окуу жайын ачат. Кийинчерээк бул окуу жайына бөлөк жаны окуу жайлары кошулуп көбөйө баштайт. Жер-жерлерде филиалдары ачылат. Ошол эле учурда Мартин Лютер, Джон Келвин, Звингли сыяктуу адамдардын аракети менен пайда болгон протестант агымы да өзүнүн миссионердик кыймылын баштайт. Германия, Швеция, Дания, Америка жана Орусияда минден ашуун миссионердик уюмдар түзүлөт. Мындай миссионердик кыймылдын башында Англия, Америка, Франция, Германия ж.б. өлкөлөр турат. 1835-жылы Америкалык протестант агымына тиешелүү болгон миссионерлер Арменияда иш жүргүзүп, натыйжада армяндарды эки жамаатка православдык жана протестанттык багыттагы христиандарга бөлүп салат.[18]

Кыскача тарыхын баяндап өткөн миссионердик кыймыл өлкөбүздө жана Ислам дүйнөсүндө дале болсо улантылууда. Бул кыймыл ар өлкөнүн, ар улуттун, ар жердин өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүлүүдө. Биздин мамлекетибизде Христиан дининдеги протестант агымынын айрым бир чиркөөлөрү үгүт иштерин жүргүзүшүүдө. Алар баптисттер, адвентисттер, иегова күбөлөрү, мунитттер жана башка жаны пайда болгон диний кыймылдар. Бул агымдардын тарыхын жана ишеним негиздерин төмөндө кыскача белгилеп өтмөкчүбүз. Тигил же бул агымга шек келтирбөө максатында алардын тарыхы жана көз караштары атайын булактарга таянып обөективдүү түрдө баяндалмакчы.

**Баптизм.**

Баптизм агымы XVI- кылымда Голландияда пайда болгон. Ал Христиан дининдеги протестант агымынын бир бутагы болуп эсептелет. Баптист грекче «вафтизо» деген сөздүн бизче айтылышы. Ал «сууга чокундуруу» деген маанини түшүндүрөт. Баптизм протестант агымынын ичинен орун алган кээ бир калвинизм, англичан чиркөөсү, конгрегационалисттер, меннониттер, евангелизм ж.б.у.с. агымдардын аралашмасынан пайда болгон.[19] Алар башка христиан агымдары сяктуу баланы төрөлгөндөн кийин бир жуманын ичинде чокундурушпайт. Баптисттерде адам өз эрки менен баптист болдум деп айтуусу зарыл. Алар Исанын тоодо айткан осуятын[20] «Исанын Шарияты» катары кабыл алышат. Баптисттер Библиядагы эски осуятты (Тоорат) кабыл кылышса да ага анча маани беришпейт. Баптисттердин ою боюнча Инжилден башка чындык жок. Илимде

[18] Tümer - Küçük, 417.
[19] Атеистический Словарь, Баптизм, 49, Tümer- Küçük, 319.
[20] Матфей, 5 бап

Инжил ырастабаган ачылыш болсо, ал чындык эмес.[21] Баптисттер адамдын кудурети менен акыл- эсине ишенбөөчүлүк менен кароону жана коомдун кызыкчылыгына, илим менен маданиятка нигилисттик (лат. nihil- эч нерсе; коомдогу бардык нормаларды, принциптерди, мыйзамдарды кабыл албоо) көз карашты үгүттөйт.[22] Баптисттердин көз карашы боюнча «Манас айтуу Кудайдын каргышына калган адамдардын иши болуп эсептелет».[23]

**Иегова күбөлөрү.**

Бул кыймылдын негиздөөчүсү Чарлз Рассл болуп эсептелет. Ал америкалык жумушчу болгон. Ч. Рассл чиркөөдө же атайын диний окуу жайында тарбия көргөн эмес. Бирок өзүнүн жекече аракеттери менен динди үйрөнүп, Инжилди баштан аяк жатка окуган. Ал өзүнүн жоро- жолдоштору менен атайын уюм түзгөн. Бул уюм өзүнчө «Күзөтчү мунарасы» деген журнал чыгаруу менен өздөрүнүн жактоочуларынын санын көбөйткөн. Бир нече жыл өткөндөн кийин бул уюм «Күзөтчү Мунарасы» деп аталып калды. Кийинчерээк Ч. Рассл кээ бир себептер менен тергөөгө берилет. Тергөөдө анын инсандык жана уюштуруучулук аброюн жоготкондугу жөнүндө да далил коюлат. Расслдын 14 жашынан баштап эч кандай билим албагандыгы, жалганчы экендиги жана жалган нерселерди убада кылгандыгы аныкталган. Ал өлгөндөн кийин анын жолун жолдогондор «Расслчилер» деген наам алышат. Бирок, бул уюмдун башына Ф. Рутфорд дайындалгандан кийин Расслдин аброюнун жоктугуна байланыштуу 1931- жылы уюмдун атын «Иегова күбөлөрү» деген ат менен өзгөрткөн.[24] «Иегова» сөзү жөөтөрдүн ыйык китебиндеги (Тоорат) «Яхве» деген кудайдын атынын бурмаланып аталышынан алынган. Анда: «силер менин күбөлөрүмсүнөр» - дейт Иегова.[25] Рутфорд өзү Иеговалар жөнүндө бир нече эмгектерин жараткан. Ал өлгөндөн кийин ордуна Н. Кнор келет ( 1977). Кнордун тушунда Иегова күбөлөрүнүн миссионерлерин даярдоочу түрдүү окуу жайлары ачылып, ал жерде 15000 ге жакын миссионерлер даярдалган. Кнордон кийин бул уюмду бир нече кишиден атайын турган комиссия жетектейт.[26]

[21] Баптизм жана анын дүйнөгө тийгизген таасири жөнүндө кеңири маалыматтар үчүн караңыз : Митрохин, Баптизм; Гальперин, Баптизм…; Лялина, Баптизм…; Robert G. Torbet, A History of the Baptists.
[22] «Баптисттер», КСЭ,Фрунзе- 1976, 1/ 416.
[23] Брашюра, "Кудайдын Батасында Жаша."
[24] Tümer - Küçük, 375-376.
[25] Ишая. 43/ 10.
[26] Tümer - Küçük, 377-380.

Иегова күбөлөрүнүн ишеним негиздери боюнча Кудай бирөө гана анын аты Иегова. Ал дүйнөдөгү жамандыктарды Армагеддон согушу аркылуу жок кылат. Кудай ар бир адамдын тагдырын алдын ала жазган эмес. Ар бир адам кылган иш- аракетине өзү жооп берет. Иса кудайдын керемети аркылуу туулгандыктан ал кудайдын уулу жана аны менен тендеш. Ал тенирдин эн алгачкы жараткандарынан. Иса өлгөндөн кийин кайра тирилген жана асманда Тенир падышалыгын түзгөн. Бул падышалык жер жүзүн адилеттүү түрдө башкарат. Бардык улуттардан тандалып алынган 144000 Иегова мүчөсү Иса менен бирге жашоо үчүн асманга кетишет. Адамдар Адам Атанын күнөөсүнүн натыйжасында өлүүдө. Бул күнөөнү өлүм аркылуу жок кылышат. Өлүмдөн кийин жалгыз үмүт, тирилүү болуп эсептелет. Бул болсо Иегова күбөсү болууга байланыштуу. Себеби бир гана Иегова күбөлөрүнө кирген адамдар кутула алышат. Адамдарга азап берген жана кыйнаган тозок деп аталган жер жок. Чыныгы дин бир гана Иегова күбөлөрүнүкү, башка диндердин баары жалган. Шайтан бул дүйнөнүн көзгө көрүнбөс башкаруучусу. Сыйынууда сүрөт, эстелик, крест, шам колдонулбайт. Сыйынуу «Зал Царства»ларда өткөрүлөт. Иегова күбөлөрү диндердин арасындагы келишимдерге кошулбайт. Иегова күбөсү, Иегованын «аскери» болуп эсептелгендиктен аскерде кызмат өтөбөйт. Улуттук байрак Бутпарастардын идолу болуп саналат. Иегова күбөлөрү улуттук маршты, улуттук идеологияны жана мамлекеттик чек араны кабыл алышпайт. Анкени булар бутпарастардын идолу болуп эсептелет.[29]

**Исус Христос Чиркөөсү (Церковь Исуса Христа).**

И. Христос чиркөөсү Христиан дининин тарыхында жаны пайда болгон агымдардын бири болуп эсептелет. Бул агым өзүнө Данияр Таалаев псевдонимин берген Америкалык граждандын идеологисынын негизинде Кыргызстанда иш аракетин жүргүзүүдө. Бул агым жаны пайда болгондуктан анын тарыхы жөнүндө маалыматтар өтө аз. Данияр Таалаевдин ою боюнча Иудаизм (Жөөттөрдүн дини) жана Христиан дини мусулмандарга үстөмдүк кылуусу керек. Д. Таалаев: «Мухаммед пайгамбар мусулмандардан Инжилди үйрөнүүлөрүн талап кылган»(!).[30] «Ошондой эле Курандын айтуусу боюнча Инжил мусулмандар үчүн жөнөтүлгөн»(!).[31] Данияр Таалаев мындай көз караштагы иш аракеттерин Кыргызыстандын аймагында да кенири үгүттөдө. Ага Вася Кузин деген адам жардам

---

[29] Tümer - Küçük, 379; Aksiyon 1998, 24; Абдынасырова, " Не Оберенется ли Поли кон. Трагедий Нации", Кут Билим, 24. 12. 97, 4.
[30] Абдынасырова, 4.
[31] Брашюра, « Куран жана Инжил».

берет. Вася Кузин Америкадан атайын даярдыктан өтүп келген. Ушул учурда Вася Кузин И. Христос Чиркөөсүн жетектейт. Вася Кузинди Данияр Таалаев материалдык жактан камсыз кылып турат. Алар негизинен жаштардын жана карапайым адамдардын арасында үгүттөө иштерин жүргүзүшүүдө. Вася Кузиндин айтуусуна караганда кыргыздар укум- тукумуна чейин Кудай тарабынан каргыш алган. «Ошондуктан кыргыздар ар кандай жугуштуу оорулар менен оорушат. Кыргыздар бул абалдан бир гана И. Христостун чиркөөсүнө кошулуп анын идеологиясын кабыл алуу менен гана бул абалдан кутула алышат»(!).[32] Оштогу православдык чиркөөнүнүн пресвитери Отец Валентиндин айтымында бул агым кыргыздар үчүн эле эмес жалпы христиандар үчүн да коркунучтуу.

**Мун Кыймылы.**

Мун кыймылы Сун Мйун Мун тарабынан Түштүк Кореяда негизделген. Бул кыймылды Кореяда «Тонг-1», Батышта «Бириккен чиркөө», «Ыйык Рух бирдиги», «Бириккен үй-бүлөө», «Мун уюму» деп аташат. С.М. Мун 1920-жылы Түндүк Кореяда дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулган. Ал алгач буддист, кийин протестант чиркөөсүнө караштуу Пресвитерян чиркөөсүнө тийиштүү болгон. Кийичерээк ал Иегова күбөлөрүнүн ишеничтерине шайкеш келген «Мун» кыймылын негиздейт. Ал 1936-жылы Иса пайгамбар көзүнө көрүнүп, ага «Кудайдын падышалыгын» куруу милдетин тапшырганын айткан.

Мундун мындай деп айтышы Пресвитериян чиркөөсү тарабынан айыпталган жана ал чиркөөдөн айдалып жиберилген. Бул чиркөөдөн куулган Мун Түштүк Кореяга келет. Чиркөөдөн куулгандан кийин 20 жылдын ичинде ал өзүнүн Муса пайгамбар жана Будда менен, жада калса Кудай менен сүйлөшкөнүн айлана чөйрөсүнө жар салат. Мундун жактоочулары анын сүйлөгөн сөздөрүн чогултуп, «Div□ne Principle» (Тенирдик принцип) деген китепке басып, жарыялашкан.

«Бириккен чиркөөгө кошулгандарды» негизинен, жогорку билимдүү 20 жаштан өткөндөр түзөт. Японияда жана Европада бардык убактысын ушул кыймылды жайууга жумшап, аракеттенгендер бар. Алар Мундардын атайын мекемелеринде жашашат. Европада бул кыймылдын үгүттөөчүлөрү 10 минден ашпаса, Чыгышта болсо 20 минден ашып кеткен. Үгүттөөчүлөрдүн арасында үйлөнбөгөндөр болсо, 2, 3 жыл үгүт жүргүзгөндөн кийин Мундун мүчөлөрү тарабынан үйлөндүрүлөт. Ондогон, жүздөгөн жубайларды бир эле убакта баш коштуруп коюуулары ыктымал. Ушундай көрүнүш 2002- жылы 16- февралда Түштүк Кореянын

[32] Абдынасырова. 4.

борбору Сеулда олимпиадалык аянтта болуп өткөн. Анда 3 500 жубайды бир эле күндө үйлөндүрүшкөн.[33] Алар жыл башында же ай башында өздөрүнчө ант ичишет.

«Бириккен чиркөөнүн» теологиясы өзгөчө диний көз караштын негизинде курулган. Буларда да Масия (куткаруучу) бар. Ошондуктан аз болсо да Иегова күбөлөрүнө окшошуп кетишет. Мундардын ыйык китеби Инжилдин негизинде түзүлүп, бардык диндерди бириктирүүнү көздөгөн. Бул китепте Кудай жандыктарды карама-каршылыктын негизинде жаратканды гы да баяндалат. М: эркек аял. Мундар боюнча Адам Ата менен Обо Эне өздөрүнүн сүйүүсүн Кудайга арнап, алардын балдары Кудайга шайкеш келген күнөөсүз дүйнө куруш керек болчу. Бирок тилекке каршы андай болгон жок. Адам Ата менен Обо Эненин бейиштен айдалышы тыйуу салынган мөмөнү жегенден эмес, Кудайга болгон сүйүүсүн унутуп анын буйругун аткарбагандыгынын натыйжасында деп эсептешет. Кудай Люсиферди (Шайтан) Адам менен Обого көз, кулак болуп турушун гана каалаган. Бирок Люсифер Кудайдын адамга болгон сүйүүсүн кызганып, Обо Эне менен рухий жол аркылуу жыныстык катнашта болуп койот. Мындай катнаштан кийин Обо Эне Адам Атаны өзү менен дене аркылуу жыныстык катнашта болуусун өтүнөт. Натыйжада мөөнөтүнөн мурунку жыныстык катнашуу тубаса күнөөгө себеп болот. Бул тубаса күнөө Адам Ата менен Обо Эненин урпактарына таркаган. Обо менен Шайтандын кылган иштеринен улам тарых бузулат. Мундардын китеби боюнча жогоруда айтылган катаачылыктар Масия (Куткаруучу) аркылуу ондолушу керек. Масия жана анын аялы, Адам ата менен Обонун аткара албай калган иштерин аткарышат. Алар чыныгы ата-эне болушуп алардан пайда болгон урпактар тубаса күнөөдөн арылышат. Ошондуктан адамдар Масия куткаруучуну күтүүлөрү зарыл деп айтылат. Масия тубаса күнөөдөн арылган адамдан туулат. Мундардын ыйык китеби боюнча ошол адам Иса болчу. Ал ааламды өзгөртүп жаныл ады, Яхйа чокундуруучунун каталыгынын натыйжасында үйлөнө албай өлтүрүлөт. Ал адамдарды рухий жактан куткарса да, дене жагынан куткара албай калды. Ушундай ишеничтердин негизинде Бириккен Чиркөө (Муниттер) адамдары Мунду жана анын аялын чыныгы күнөөсүз ата-эне экендигине ишенишет. Бириккен Чиркөөгө тийиштүү адабияттарда Мундун Масия экендиги айтылган. Мундун жактоочулары аны « Кудайдын Жибергени» деп кабыл кылышат.[34]

---

[33] Заман Кыргызстан, 22. 02. 02. 16.
[34] Кеңири маалымат үчүн караңыз, Tümer – Küçük, 381-386.

**Адвентистер.**

Адвентизм 1831- жылы Америкада, Америкалык Уилям Миллер деген дыйкан тарабынан түзүлгөн Мессиялык кыймыл болуп эсептелет. Бул Исанын экинчи жолку келишин үмүт менен күткөн өзүнчө бир агым. Миллер «Эски Осуятка» иликтөө жүргүзүп, Исанын келишин 1843-жылкы мезгилге божомолдоп айткан. Ал жылы Иса келбеген сон, анын келиши 1844- жылы боло тургандыгын айткан. Ал Исанын жакынкы аралыкта келе тургандыгы жөнүндө түрдүү конференцияларды өткөрүп атайын “The M□dn□ght Cry” деген газетаны чыгарган. Миллер Исанын 1944- жылы 22- декабрда келе тургандыгы жөнүндө аян алганын айтып, аны өзүнүн чөйрөсүнө жарыя кылат. Бирок бул айткан күндө да Иса келбегенден кийин бул кылган иштеринен баш тарткан. Ошентсе да анын жактоочулары ар кайсы күндөрдү өздөрүнчө белгилешип, ошол күндөрдү Исанын экинчи жолу келишин ( Миллердин баш тартканына карабастан) күтүп келишүүдө. Исанын экинчи жолу келиши жана адам рухунун өлбөстүгү жөнүндө ар кандай көз караштар Адвентисттер арасында бөлүнүүлөрдү пайда кылган. Алардын ичинде Католиктерге көз каранды болгон Адвентисттер акырындап таркап кетишкен. Азыр болсо «Экинчи Адвент» Адвентисттери менен «Жетинчи Күн» Адвентисттери гана бар. Булардын ичинен миссионердик жолго эн көп орун берген «Жетинчи күн» Адвентисттери болуп эсептелет. Алар Инжилдин мыйзамдарына катуу баш ийишет. Булар адам рухунун өлүшүнө, бирок өздөрүнүн өлгөндөн кийин кайра тирилүүлөрүнө ишенишет. Алар жөөттөрдүн ыйык китебин башка христиан агымдарына караганда көбүрөөк ыйык көрүшөт. Бул агымдын борбору Вашингтондо жайгашкан. Азыр дүйнөдө 2,5 млн. адвентист бар.[35]

**Корутунду.**

Кыргыз республикасынын конституциясындагы ишеним эркиндигине негизделген диний агымдарга болгон лоялдуу мамилебизден улам бүгүнкү күндө биздин республика чет өлкөдөн келген диндий агымдардын борборуна айланып калды. Буга чейин кыргыздар ислам дини аркылуу «баарыбыз мусулманбыз», «Аллабыз бир» деген сезимдин негизинде көптөгөн түрк тектүү элдер менен бир туугандай жашап келген болсок, эми алардын алдында өз абройубузду жоготуп коюушубуз мүмкүн. Кыргыздарда Ислам динине ишенбөөчүлөрдүн саны көбөйүп башка динге гана эмес диний

[35] Tümer- Küçük, 325- 329.

агымдарга да айрыкча жаштардын арасында өтүп кетүүлөр байкалууда.
Батыш өлкөлөрүнөн келген диний агымдар бизге рухий жактан гана эмес бара-бара экономикалык жактан да чон таасирин тийгизе баштайт. Мындай абалды дүйнөнүн көптөгөн өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн баштарынан өткөргөн мисалдары арбын. Бизде акырындап тамырын жая баштаган баптист-евангелисттер, адвентисттер, Иегова күбөлөрү, кришнаиддер, Бахаи коому, Исус Христос чиркөөсү, мунИттер, пятидесятниктер, новоапостолчулар, сеантологдор жана башка ушуга окшогон агымдар, алар тарабынан ачылган атайын уюмдар, Ислам динин кендигин тарытаарын жана бөлүп жаруусун алдын ала билгенибиз он. Мындай агымдар Кыргызстанда өз диний догмаларын жана көз караштарын өжөрлөнө жаш мээлерге куюп жатат. Бул агымдар өздөрү пайда болгон өлкөдө адамдарды күнөөлөрүнөн куткарып бүтүп анан Кыргызыстанга келген эмес. Алар Кудайдын аты менен кыргыздарды бөлүп жаруу андан кийин башкаруу үчүн гана келген миссионерлер болуп эсептелет.
Бүгүнкү коомубуздагы саясий баш аламандыктан пайдаланган ар кандай диний уюмдар жана диний агымдар элибизди дин жагынан да бытыранды кылып бөлмөй болду. Азыркы мезгилде бул агымдардын катарында өзгөчө Вахаби жана Хизбут-Тахрир агымдары Борбордук Азиядагы мусулмандарды бөлүп жарууга багытталган коркунучтуу иштерин жүргүзүп жатышат. Мындай агымдар дин бузарлыгынан сырткары, акчанын күчү менен өкмөт структураларына кирүү үчүн жасаган аракеттери менен да коркунучтуу.

Белгилеп кетчүү нерсе жогоруда айтылган агымдардын көпчүлүгү дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мисалы, Испанияда, Францияда, Грецияда расмий түрдө жабылып, алардын рекламаларына, билим берүүлөрүнө жана үгүттөөлөрүнө тыйуу салынган. Биз да жогоруда аталган агымдардын таасиринен улам келип чыккан кооптонуулардын алдын алуу үчүн теология, миссионология, антропология, диний социология, диндердин тарыхы, диний психология, диний философия ж. б. дин илимдери боюнча билимдүү адистерди даярдашыбыз зарыл.

Кыргыз баласынын өз атасына карызы бул өзүнө чейинки рухий дөөлөттөрүнүн бири катары кабылданып келген ислам динин бекем тутуусунда. Диндин тарбия берүүчүлүк, адеп-ахлакты, маданиятты калыптандыруучулук, рухий дүйнөбүздү байытуучулук күчү барандуу экени талашсыз. Ошондуктан азыркы доорубуздун жаштарын исламга тарбиялап, билимге үндөп жана эн башкысы динди туура үгүттөй турган учур келип жетти. Эгерде кыргаз жаштары өз

ишениминен, жүрөгүнөн динге орун бергиси келсе, кудайды таанызгы келсе, анда муну миссионерлер аркылуу эмес, кылымдар бою ата-бабасы тутунуп келген Ислам аркылуу ишке ашыруу мүмкүн. ал үчүн жаштарыбыз ири алдыда билимдүү, ар тарабынан сабаттуу болсууга жана өз билими менен ички дүйнөсүнөн ислам салттарына орун таба билүүгө тийиш. Бул жогоруда айтып өткөндөй динди туура түшүнүүгө багытталган жалгыз жол болушу мүмкүн .

Сөзүбүздүн аягында белгилеп кетүүчү нерсе, бул кыргыздардын жан дүйнөсүндө бардык рухий байлыктарынын катарында Кудай Тааланы сезип-туюуу өзгөчө орунда тураарын атайын белгилеп түшүндүрүү талап кылынбайт. Алар канчалык атеист болгон күндө да Кудай деген сөз оозунан түшкөн эмес. Исламды таанытууда ар кандай мүмкүнчүлүктөр болуп келсе да дин кызматкерлерибиз исламдын мыйзамдарын талаптагыдай б.а. христиан үгүт насаатчылары сыяктуу үгүттөөдө алсыздык кылып келген. Ошондой болсо да чет элден келген бөлүп-жаруучу миссионерлерге каршы бек туруу, ата бабаларыбыздын бизге мурас катары калтырган үрп-адаттарын, каада-салттарын коргоо биздин атуулдук парзыбыз, мамлекет алдындагы милдетибиз жана ата-бабаларыбызга болгон карызыбыз.